
# Жашыл сал




Автор: Дейя Касымова

Сүрөтчү: Елена Кисенкова

Которгон: Талгат Деркембаев

# Жашыл сал

Автор: Дейя Касымова
Сүрөтчү: Елена Кисенкова
Которгон: Талгат Деркембаев

Кыргыз тилинде
Бишкек 2023

Copyright © 2023, Бул чыгарма Creative Commons Attribution 4.0 Эл аралык лицензиясы (https://creativecommons.org/licenses/by/4.0/) боюнча лицензияланган.

http://creativecommons.org/licenses/by/4.0/
Бул ишти коммерциялык максаттарда колдоно аласыз. Бул чыгарманы адаптациялап, толуктай аласыз. Авторлордун, иллюстраторлордун ж.б. автордук укугун жана өздүк маалыматтарын сакташыңыз керек.

"Жашыл сал" (кыргыз тилинде), автор Дейя Касымова, сүрөтчү Елена Кисенкова, которгон Талгат Деркембаев

Бул басылма АКШнын эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги (USAID) аркылуу көрсөтүлгөн Америка элинин колдоосу менен түзүлдү. Басылманын мазмуну USAIDдин же АКШ Өкмөтүнүн пикирин милдеттүү түрдө чагылдырбайт.

Created with Bloom



– ДО, РЕ, МИ, ФА, СОЛЬ, ЛЯ, СИ, бул күндү деңизде өткөрөбүз, – деди атасы балдарына.

Эсиңдерде болсо, анын балдары – талаа чычкандары ДО, РЕ, МИ, ФА, СОЛЬ, ЛЯ, СИ.

Ата-энеси балдарына музыкалык ноталардын аталышын берген.

Балдар ийинден чыгышып, бир аяк жол менен атасынын артынан ээрчип жөнөштү.

Эң артында эч ким калып калбасын деп апасы келе жатты.

Жол аябай эле кыйын эле. Чычкандар аңгыл-дөңгүл, кырлардан ашып өтүп, бийик тоого чыгышты.

Тоонун чокусунан сонун көрүнүш алаканга салгандай көрүнөт. Алтын кумдуу жээкти күн нуру уялткан көк деңиз жууп турат.

Көк деңиз бүткүл мейкиндикке толуп турган эле.





Чычкандар укмуш коздукка көзү тойбой, чексиз мейкиндикке суктанып карап турушту. Андан соң алар тоодон түшүштү.

Алар үстүндөгү кийимин кумга чечип ыргытып, деңизди көздөй чуркап жөнөштү.

– Алыска сүзүп кетпегиле! – деп апасы алардын артынан кыйкырганга гана үлгүрдү.

Чычкандар сууга кирери менен дароо сүзүп жөнөштү.

– Көңүл бургула! Көңүл бургула! Кайталангыс трюк! – деп РЕ ФАнын ийинине чыга калып, абада тегеренип секирип, сууга сальто жасап кирип кетти.

Бардыгы анын жасаганын туурап, сууга секирип жатышты.

– Тапкылачы, мен кайсы жерден сүзүп чыгам! – деп ДО сууга чулп этип сүзүп кирди.





Бардыгы эки жагын карап, аны кайсы жерден сүзүп чыгат деп күтүп калышты.

Бирок ал көпкө чейин суудан чыккан жок. Бардыгы сарсанаа боло башташты. Бир маалда анын башы жээкке жакын жерден көрүндү. Бул бардык чычкандарга жакты. Алар ДОну туурай башташты.


СИ суу астында сүрөт тартууга кызыкчу. Анын суу алдында сүрөт тарта турган камерасы бар болчу.

Ал суунун ичине сүзүп кирерден мурда маскасын, дем ала турган түтүгүн жана жаргакчаларын кийди. Бардык шаймандарын иреттеп кийгенден кийин СИ суу алдына кирди.

Деңиз түбүндө көптөгөн деңиз жашоочулары бар болчу. СИ осьминог, дельфин, медуза, кальмар, скат, деңиз жылкысын жана чоң үлүлдү тартып алууга үлгүрдү.

Ал кораллдардын жанынан сүзүп өтүп бараткан жашыл деңиз таш бакасын көрдү. Аны да сүрөткө тартып алды. Таш бака СИни байкап калып, жанынан бир канча жолу сүзүп өттү.

Таш бака сүрөткө түшкөндү жакшы көрчү. Ал фотомодель болууну самачу.





Деңиз өсүмдүктөрүнүн арасынан СИ чоң балыкты байкап калды. Ал ага сүзүп келип, жакындан тартып алууну чечти.

Балырлар эки жакка бөлүнүп, арасынан кара тактары бар бирметрлик кызыл балык чыга келди.

Бул мурена – жырткыч балык болчу. Ал СИни көрүп аябай сүйүнүп кетти. Себеби, талаа чычкандарын ал жеп көрө элек болчу. СИ коркунучту сезип өйдө карай сүзүп жөнөдү. Мурена тиштерин шакылдатып, СИнин артынан кууду.

Калган талаа чычкандар аларды кандай коркунуч күтүп жатканын билбей капарсыз сууда чардап жатышкан.


– Баарыңар жээкке чыккыла! Качкыла! Мурена келе жатат! – деп өйдө карай сүзүп чыккан СИ кыйкырганга үлгүрдү.


Мурена бул маалда талаа чычкандарына жакындап келди. Ал булардын канча экенин шашпай санап жатты.

– Бир, эки, үч… Жетөө.... Азыр курсагым тоёт экен, – деп олжосун көздөй сүзүп жөнөдү.

Талаа чычкандары жээкти көздөй жанталашып чабак уруп баштады.

– Мурена алардын артынан кууп келе жатты. Бирок чычкандар оңой олжо болгусу келген жок. Алар кичинекей алакандары менен күчүнүн барлыгынча чабак уруп баратышты.





Бир маалда чычкандар алдынан дөңкөйгөн катуу, жалпак ташка окшогон бир нерсени байкашты. Бир аздан соң ташка окшогон нерсе жогору көтөрүлдү.

Алар анын үстүндө өздөрүн салга отургандай сезишти. Сал бир метр узундуктагы сүйрү, жашыл түстүү, үстүн калкан менен каптап койгондой экен.



Мурена эми эле көз алдында турган чычкандарды жоготуп жиберип, капаланып калды.

– Булар эмне бууланып кетиштиби? Же менден мурда бирөө жеп кеттиби? Жол болбойт деген ушу да! – деп кайгырды мурена нааразы болгон түр менен. Ал бурулуп келген жагына сүзүп кетти.

Ачууланган бойдон деңиз тереңине кирип, жанынан өтүп бараткандардын баары менен урушуп жатты.

– Жашыл сал жээкти карай сүзүп баратты. Чычкандар өздөрүн коопсуз сезип, өз ара буларды ким сактап калганын талашып жатышты:

– Бул сүзүп жүргөн арал! – деп чыйылдады МИ.

– Жок, ай! Бул чөгүп кеткен кеменин сыныгы, – деди чечкиндүү ФА.

– Эгер бул жашыл таш болбогондо, биз эбак эле муренанын жумурунда жүрмөкпүз, – деп СОЛЬ коркконунан титиреп баратты.





Чычкандарды үстүнө кондурган сал жээкти карай сүзүп чыкты. Ал токтолбостон кум үстүнөн да жүрүп баратты.

– Бул сүзүп жүргөн аралчанын дөңгөлөктөрү барбы? – деп таң калган ЛЯ кыйкырды.

Чычкандар салдын кырына жата калышып эки жагындагы жашыл күрөң жаргакчаларды байкашты.

Салдын алды жагында ушундай эле түстөгү таш баканын моюну менен башын көрүштү. Артындагы куйругун да байкашты.

– Ой! Бул дениз таш бакасы турбайбы! – дешип чычкандар жапырт кыйкырып жиберишти.

Таш бака жаргакчалары менен жай жылып, узун мойнун соройтуп, туш тарабын чоң көздөрү менен карап жатты. СИ дароо эле өзү сүрөткө тартып жаткан деңиз таш бакасын тааныды.





Чычкандардын ата-энеси жанатан бери буларга байкоо салып турушкан. Жээктен алар балдарын чабак уруп, ойноп жүрүшөт деп ойлошкон. Бирок балдарын салдын үстүнөн көргөндө, алардын тынчы кете баштады.

Сал жээкке сүзүп келгенде гана, алар тынчтанышты.

Таш бака балдарды үстүнө кондуруп жээкке чыкты. Чычкандардын ата-энеси аларды утурлап чуркашты.

– Сизге рахмат, урматтуу таш бака! Балдарыбызды деңизге сейилдеттиңиз! – деди апасы.





Таш бака токтогондо, балдар анын таш калканынан кумга секирип түшүштү.

– Билсеңер, мага көл жээктен түшкөн сүрөт керек. Ошондуктан сиздин фотограф уулуңузду жана башка балдарыңызды да биротоло жээкке алып келдим, – деп таш бака түшүндүрдү. – Биз суу алдынан фотосессия кылганбыз. Эми кургактан да сүрөткө түшүү керек болуп жатат, – деди таш бака.

– Сиздей эр жүрөк таш бака сөзсүз түрдө журналдын биринчи бетине чыгыш керек, – деп атасы да кубаттап койду.

Уялып кеткен таш бака чоң көздөрү менен жер карап калды.





СИ куткарганы үчүн таш баканы ар кандай абалда сүрөткө тартып жатты. Таш бака укмуш сүрөт болуш үчүн скутердин үстүнө чыга калып түшүүгө да үлгүрдү.

Калган балдар жээкте волейбол ойноп жатышты.

Чычкандардын ата-энеси балдарына кандай коркунуч болгонун билгенден кийин жээкте да, сууда да алардын жанынан алысташкан жок.

Деңиз алтын түспөлдөнүп баштады. Бул күн уясына отурду, эми үйгө кайтууга кезек келди деген белги эле...

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН
БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ
МИНИСТРЛИГИ

USAID АМЕРИКАНЫН ЭЛИНЕН

Автор: Дейя Касымова
Сүрөтчү: Елена Кисенкова
Которгон: Талгат Деркембаев

USAIDдин "Окуу керемет!" долбоору
Кыргыз Республикасы

1-класс
- 1.1 деңгээли
- 1.2 деңгээли
- 1.3 деңгээли

2-класс
- 2.1 деңгээли
- 2.2 деңгээли

3-класс
- **3.1 деңгээли**
- 3.2 деңгээли

4-класс
- 4.1 деңгээли
- 4.2 деңгээли